ТИРКЕМЕ
Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругуна ылайык

Буйруктун № ____________________
«____»_____________________ 2021-ж.
Рег. № ________________________

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Багыты: 530600 Телевидение**

**Квалификациясы: - бакалавр**

**Бишкек - 2021**

# 1. ЖАЛПЫ ЖОБО

**1.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн **571100 –Телевидение** багыты боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан “Билим берүү тууралуу” мыйзамынын жана башка Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген КРдин билим берүү тармагына тийиштүү укуктук нормаларынын негизинде иштелип чыкты.

Бул Мамлекеттик билим берүү стандартын менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан бардык бакалаврды даярдоо боюнча кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырган ЖОЖдор аткарууга милдеттүү.

1.2. **Терминдер, аныктамалар, түшүндүрмөлөр, кыскартуулар.**

Ушул Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасы тарабынан белгиленген тартипте кабыл алынган жогорку кесиптик билим берүү жаатындагы эл аралык документтерге ылайык терминдер жана аныктамалар пайдаланылат:

- **негизги билим берүү программасы** – максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштуруулушун регламентөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- **даярдоонун багыты –** ар түрдүү профилдеги, фундаменталдуу жалпы даярдоо негизиндеги интеграцияланган жогорку кесиптик билимдүү кадрларды (адистерди, бакалавларды жана магистрлерди) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;
- **профиль** – негизги билим берүү программасынын конкреттүү бир түргө багытталышы жана (же) кесиптик иш объекти;
- **компетенция** – окуучунун аныкталган бир чөйрөдө майнаптуу жана жемиштүү иштөөсү үчүн зарыл болгон билими жагынан даярдоого карата алдын ала коюлган социалдык талап (ченем);
- **бакалавр** – магистратурага кирүүгө жана кесиптик иш менен алектенүүгө укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификациялык деңгээли;
- **магистр** – аспирантурага жана (же) базалык докторантурага (Ph/профили боюнча) жана кесиптик иш менен алектенүүгө укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификациялык деңгээли;
- **кредит (зачеттук бирдик)** – негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;
- **окуунун натыйжалары** – негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар;
- **жалпы илимий компетенциялар** – кесиптик иштин бардык түрлөрү (же көпчүлүгү) үчүн жалпы болуп саналган мүнөздөмөлөрдү билдирет: окуу, талдоо жана синтез кылуу ж.б. жөндөмдүүлүк;
- **инструменттик компетенция –** когнитивдик жөндөмдү, идеяларды жана ойлорду түшүнүү жана пайдалана билүү жөндөмдөрүн камтыйт; методологиялык жөндөм, айлана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу, убакытты уюштуруу, окуунун стратегияларын түзүү, чечимдерди кабыл алуу жана проблемаларды чече билүү жөндөмү; технологиялык жөндөм, техниканы пайдалана билүүгө, компьютерди билүүгө жана маалыматтык башкарууга байланышкан жөндөмдөр, коммуникациялык компетенция;
- **социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар** – ой-сезимдерин жана мамилесин билдирүүгө, сын көз менен ой жүгүртүүгө жана өзүнө баа бере билүүгө байланышкан жеке сапаттар, ошондой эле социалдык өз ара байланыш жана кызматташуу процесстерине, топтор менен иштеше билүүгө, социалдык жана этикалык милдеттенмелерди кабыл алууга байланышкан жөндөмдөр;
- **кесиптик стандарт –** кесиптик иштин конкреттүү түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды белгилөөчү, кызматкер кайсы иште болсо да, кайсыл уюмда

болсо да өзүнүн ордун татыктуу ээлеши үчүн кызматкерде болушу милдеттүү болгон квалификациянын сапаттык деңгээлин баяндаган негиз түзүүчү документ.

**1.3.** Берилген Мамлекеттик билим берүүнүн стандартында кийинки кыскартуулар колдонулат:

**МББМ**- Мамлекеттик билим берүүнүн стандарты;
**ЖКББ** – жогорку кесиптик билим берүү;
**НББП**– негизги билим берүү программасы;
**ОМУ –** окуу-методикалык уюмдар;
**ЖИК –** жалпы илимий компетенциялар**;**
**ИК -** инструменталдык компетенциялар**;**
**КК -** профессионалдык компетенциялар;
**СИЖМК** - социалдык-жекелик жана жалпы маданий компетенциялар.

## 2. КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ

**2.1.** Ушул Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (ГОС ВПО) **571100 «Телевидение»** бакалаврларды даярдоо багыты боюнча негизги билим берүү программаларын ишке ашыруудагы милдеттүү ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын туюндурат жана окутуу, уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуу Кыргыз Республикасынын аймагында бакалаврларды даярдоонун тийиштүү багыты боюнча лицензиясы бар менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыгына карабастан бардык жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын (мындан ары – ЖОЖдор) жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп эсептелет;

**2.2. 571100 «Телевидение»** даярдоо багыты боюнча бакалавриаттын билим берүү программалары боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартын негизги колдонуучулар болуп:

- бул багыт жана даярдоо деңгээли боюнча илимге, техникага жана социалдык чөйрөгө жетишүүнү эске алуу менен өздөрүнүн ЖОЖдорунда негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуу, натыйжалуу реализациялоо жана жаңыртуу боюнча жооптуу администрация жана ЖОЖдун илимий-педагогикалык (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер) курамы;
- берилген багыт боюнча даярдоодо ЖОЖдун негизги билим берүү программасын өздөштүрүүдөгү студенттин өзүнүн окуу ишмердүүлүгүн жоопкерчиликтүү жана натыйжалуу пайдаланышы;
- профессионалдык ишмердүүлүктүн берилген сферасында адистер менен жумуш берүүчүлөрдү бириктирүү;
- КРдин билим берүү тармагындагы аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органдын талабы боюнча негизги билим берүү программасын камсыздаган окуу-методикалык биримдиктер жана кеңештер;
- жогорку кесиптик билим берүүнү каражат жагынан камсыздаган аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы;
- аткаруу бийлигинин жогорку билим берүү системасында көзөмөл жүргүзүүгө милдеттеме алган мамлекеттик орган профессионалдуу билим берүү сферасынын сапатына көзөмөл жүргүзөт;
- билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоочу агенттиктер.

**2.3. Абитуриенттин даярдык деңгээлине болгон талаптар.**

2.3.1. “Бакалавр” квалификациясы менен бирдикте жогорку кесиптик билимге ээ болгусу келген абитуриенттин деңгээли орто жалпы же орто кесиптик билимге ээ болуусу керек (же жогорку кесиптик).

2.3.2. Абитуриентте жогоруда аталган орто жалпы же орто кесиптик билимди күбөлөндүрүүчү документтин болушу талап кылынат (же жогорку кесиптик).

# 3. ДАЯРДОО БАГЫТЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗҮ

3.1. Кыргыз Республикасынын бакалаврдык билим берүү программасында **571100 «Телевидение»** багытында даярдоо төмөндөгүдөй жүргүзүлөт:

Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы

– ЖКББ НББП (ООП ВПО) бакалаврды даярдоо боюнча;

– ЖКББ НББП (ООП ВПО) магистрди даярдоо.

ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнө бакалавларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толук өздөштүргөн жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны коюлган талапка ылайык ийгиликтүү өткөндөргө жогорку билимди күбөлөндүргөн диплом, “бакалавр” квалификациясы менен бирге берилет.

ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнө магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толук өздөштүргөн жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан коюлган талапка ылайык ийгиликтүү өткөндөргө жогорку билимди күбөлөндүргөн диплом, “магистр” квалификациясы менен бирге берилет.

Бакалаврды даярдоо багытынын алкагында ЖКББ НББПнын профилдери ЖОЖ тарабынан квалификациянын (эгер болсо) тармактык/сектордук алкактарынын негизинде аныкталат.

3.2 Жалпы орто билимдин базасында күндүзгү окутуу формасында **571100 «Телевидение»** багытындагы бакалаврларды даярдоодо боюнча ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 4 жылдан кем эмес убакытты түзөт.

Окутуунун күндүзгү-сырткы (кечки) жана сырткы формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар кандай формалары айкалыштырылган учурларда бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны өздөштүрүү мөөнөттөрү ЖОЖ тарабынан күндүгү окутуу формасында белгиленген ченемдик мөөнөткө карата алты айдан бир жылга чейин көбөйтүлөт.

Тийиштүү профилдеги орто кесиптик билими же жогорку кесиптик билими бар адамдарга бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПнын тездетилген программасы боюнча өздөштүрүүгө укук берилет. Тездетилген программаларды ишке ашырууда окуунун мөөнөтү студент билим берүүнүн башка программасы боюнча орто кесиптик билимди жана (же) жогорку билимди алып жаткан учурда айрым Дисциплиналар (модулдар) жана (же) айрым практикалар боюнча окутуунун натыйжалары боюнча толук же жарым–жартылай кайра аттестациялоонун (кайра зачет тапшыруунун) жыйынтыгы менен аныкталат.

Орто кесиптик билим берүү профилинин жогорку кесиптик билим берүү профилине шайкештиги ЖОЖ тарабынан өз алдынча аныкталат.

Күндүзгү окуу формасында орто кесиптик билимдин базасында бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны өздөштүрүү мөөнөтү тездетилген программаларды ишке ашыруунун алкагында 3 жылдан кем эмес убакытты түзөт.

Билим алуунун формасына карабастан жеке окуу планы боюнча окутууда окуунун мөөнөтүн ЖОЖ өз алдынча аныктайт.

Ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды жеке окуу планы боюнча окутууда ЖОЖ мөөнөттүү билим алуунун тийиштүү формасы боюнча аныкталган убакытка салыштырмалуу узартууга укуктуу.

Бакалаврларды жана магистрлерди даярдоо багыты боюнча ЖКББ НББПны өздөртүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилейт.

3.3 **Бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек** сыйымдуулугу 240тан кем эмес кредитке барабар.

Күндүзгү окуу формасы боюнча оку жылындагы ЖКББ НББПнын эмгек сыйымдуулугу 60тан кем эмес кредитке барабар.

Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп курулган учурда).

Бир кредит студенттин окуу ишинин 30 саатына эквиваленттүү (анын ичинде анын аудиториялык, өз алдынча иштери жана аттестациянын бардык түрлөрү).

Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу жана сырттан окуу формалары боюнча НББПнын, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан учурдагы эмгек сыйымдуулугу бир окуу жылында 48ден кем эмес кредитти түзөт.

Окуунун акыркы жылындагы эмгек сыйымдуулугу НББПнын жалпы эмгек сыйымдуулугун камсыз кылуу зарылчылыгын эске алуу менен аныкталат

**3.4. 571100 «Телевидение» багытындагы ЖКББ НББПнын максаттары окутуу жана тарбиялоо чөйрөсүндө.**

3.4.1. ЖКББнын НББПсынын максаттары боюнча **571100 «Телевидение»** багытынын максаты, массалык маалымдоо (масс-медиа) жана аралаш маалыматтык-коммуникативдик тармактарында ар тараптуу кесипкөй бакалаврларды, ММК үчүн материалдарды редактирлөө, медиа продукт концепциясын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, студенттердин жеке сапаттарын өнүктүрүү жана кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу аркылуу, тандалган иш чөйрөсүндө потенциалды ийгиликтүү ишке ашыра алган бакалаврларды даярдоо болуп саналат.

3.4.2. **571100 «Телевидение»** багытындагы даярдоонун ЖКББ НББПнын окуу процессинде тарбия берүү максатына ылайык студенттин максатка умтулуусун, уюштуруучулугун, эмгекчилдигин, жоопкерчилигин, коммуникативдүүлүгүн, толеранттуулугун, жарандык позициясын билдирүү ж.б. сыяктуу социалдык-инсандык сапаттарды калыптандырууну көздөйт.

**3.5. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш чөйрөсү.**

Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш чөйрөсүн даярдоо багыты боюнча төмөнкүлөрдү камтыйт: **571100 «Телевидение»** даярдоо багыты боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердик чөйрөлөрү өз ичине: маданият жана искусство (телекөрсөтүү жана кино тасмаларды чыгарууну уюштуруу чөйрөсүн); маалымат жана медиакоммуникация: жалпыга маалымдоо каражаттары, басылма жана полиграфия, пресс-кызматтар, маалыматтык-коммуникациялык технология (маалыматтык кызмат көрсөтүү) тармактарын камтыйт.

Бүтүрүүчүлөрдүн билиминин жана алынган компетенцияларынын деңгээли кызматкердин квалификациясынын талаптарына ылайык келген шартта алар кесиптик иштин башка тармактарында жана (же) чөйрөлөрүндө кесиптик иштн жүзүгө ашыра алат.

**3.6. Бүтүрүүчүлөрдүн профессионалдык ишмердүүлүгүнүн объектилери.**

**571100 «Телевидение»** багытында даярдалган бүтүрүүчүлөрдүн объектилери болуп:

- ар кандай аудиториялык топторго багытталган, техникалык каражаттар менен массалык түрдө жайылтууга арналган текст, аудио жана видео компоненттерин камтыган мультимедиялык объекттер катары телеберүүлөрдүн ар кандай түрлөрү (телеберүүлөр жана телевизиондук фильмдер);

- телеберүү заманбап массалык байланыштын өзгөчө түрү катары;

- конкреттүү телекөрсөтүү технологиялары жана искусство түрү катары телеберүүнүн көркөм каражаттарынын системасы эсептелет.

**3.7. Бүтүрүүчүлөрдүн профессионалдык ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:**

- Автордук ишмердүүлүк;
- Редактордук ишмердүүлүк;
- Долбоорлук-аналитикалык;
- Уюштуруучу-жетектөөчү ишмердүүлүк;
- Социалдык-билим берүү ишмердүүлүгү;
- Маркетингдик ишмердүүлүк;
- Өндүрүштүк-технологиялык.

Кесиптик ишмердиктин конкреттүү түрлөрү – иш берүүчүлөр ЖОЖдор менен бирдикте тийиштүү кесиптик стандарттын (эгер болсо) негизинде иштелип чыккан билим берүү программаларынын мазмуна жараша же жумуш берүүчүлөрдүн катышусуу менен аныкталышы зарыл.

**3.8. 571100 «Телевидение» багытында даярдалган бүтүрүүчү-бакалаврлардын профессионалдык ишмердүүлүгүнүн максаттары:**

Бакалавр төмөнкү кесиптик ишмердикти аткарууга даяр болушу керек:

**Автордук ишмердүүлүк:**

- телекөрсөтүү жана жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу жайылтууга арналган маалыматтык текстти жана публицистикалык материалдарды (репортаждар, интервьюлар, актуалдуу темалар боюнча комментарийлер) даярдоо;
- телекөрсөтүүнүн жана башка экрандагы жалпыга маалымдоо каражаттарынын өзгөчөлүктөрүн жана заманбап экран маданиятынын практикасын эске алуу менен автордук ишмердүүлүктү ишке ашыруу;
- тийиштүү көркөм-техникалык каражаттарды колдонуу менен авторлор тобунун (кино тартуучу топтун) курамында ар кандай жанрдагы телеберүүлөрдү жана телефильмдерди жаратуу.

**Редакторлук ишмердүүлүк:**

- телекөрсөтүүнүн жана башка экрандагы жалпыга маалымдоо каражаттарында кабыл алынган тилдик нормаларга, кесиптик стандарттарга, форматтарга, стилдерге, технологиялык талаптарга ылайык редакциялык ишмердүүлүгүн жүргүзүү;
- маалыматтарды берүүнүн жана фильмдердин мазмунун жана формасын жыйынтыктоо жана иштетүү (талдоо, түзөтүү, трансформациялоо, системалаштыруу, ишенимдүүлүгүн текшерүү).

**Долбоорлук-аналитикалык ишмердүүлүк:**

- медиа-долбоордун концепциясын иштеп чыгууга жана жөнгө салууга, медианы өнүктүрүү стратегиясына ылайык программалоонун жана пландаштыруунун ар кандай түрлөрү боюнча анын форматын талдоодого жана аныктоого катышууга;
- медиа долбоорлорду жана башка маалыматтык материалдарды талдоо жана баалоо боюнча эксперттик топтордун ишине катышуу, корутунду менен отчетторду даярдоо;

**Уюштуруучу-жетектөөчү ишмердүүлүк:**

- өзүнүн макамдык статусуна ылайык медиа уюмдардын, алардын бөлүмдөрүнүн, чыгармачыл жамааттардын ишин уюштурууга катышууга;
- ар кандай түрдөгү телеберүү өндүрүшүн продюсирлөө (каржылоону камсыздоо, программаларды жана тасмаларды даярдоо жана илгерилетүү);
- стратегиялык өнүгүү пландарын иштеп чыгууга катышуу;
- чакан команданын же адамдардын тобунун ишмердүүлүк процесстерин жана натыйжаларын көзөмөлдөө жана документтештирүү;

**Социалдык-билим берүүчү (агартууучулук) ишмердүүлүгү:**

- телеканалдар жана башка медиа уюмдары, коомдун ар кандай катмарынын өкүлдөрү, уюмдар, мекемелер менен менен кызматташууга;
- аудитория менен ар кандай байланыш каналдары (веб -сайт, социалдык тармактар, журнал, youtube ж.б.) аркылуу баарлашуу стратегиясын иштеп чыгуу;

**Маркетингдик ишмердүүлүк:**

- маалымат ресурстарынын керектөөчүлөрдүн жана коноктордун маалыматтык муктаждыктарын талдоо;
- - аудиовизуалдык байланыштын ар кандай каналдарын колдонгон социалдык топтор, уюмдар жана адамдар менен өз ара аракеттенүү аркылуу телекөрсөтүү жана мультимедиялык продуктуну илгерилетүү;
- - берилген тема боюнча макалаларды, рецензияларды жана башка тексттерди жазуу (копирайтинг);
- - глобалдык маалымат мейкиндигинде (SMM) уюмдун имиджин калыптандыруу үчүн социалдык тармактарда контент түзүү;
- - процесстерди, иштин жыйынтыктарын мониторингдөө жана документтештирүү;

**Өндүрүштүк-техникалык ишмердүүлүк:**

- заманбап технологияларды колдонуу менен телекөрсөтүү жана мультимедиялык продукцияны өндүрүү процессине катышуу;
- тиешелүү маалымат базаларын түзүү жана жүргүзүү.
- телекөрсөтүү жана экрандагы жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн материалдарды иштеп чыгуу, редактирлөө, медиа продукт концепциясын иштеп чыгуу, жайылтуу жана ишке ашыруучу комплекстүү иш аракеттерин жана процесстерин башкаруу.

## 4. НББПны ишке ашыруу шарттарынын жалпы талаптары

4.1. НББПны ишке ашыруудагы окуу жайдын укуктарына жана милдеттерине болгон жалпы талаптар.

4.1.1. ЖОЖдор даярдоонун багыты боюнча НББПны өз алдынча иштеп чыгышат. НББП Кыргыз Республикасынын даярдоо багыттары боюнча тийиштүү мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгат жана ЖОЖдун Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.

Окуу жайлар 5 жылда бир жолудан кем эмес илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын, социалдык чөйрөнүн өнүгүшүнө жараша НББПны жаңыланып турушу керек, окуу жайдагы билимдин сапатын бекемдеген төмөндөгүдөй сунуштарды аткарышы керек:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияны иштеп чыгууда;
- мониторингде, билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоодо;
- студенттин билим деңгээлин жана жөндөмүн баалоодо объективдүү процедураларды иштеп чыгууда так макулдашылган критерийлердин негизинде бүтүрүүчүлөрдүн компетенциясын аныктоодо;
- окутуучулар курамынын сапаттулугун жана компетенттүүлүгүн камсыз кылууда;
- ишке аша турган бардык билим берүү программаларын жетиштүү ресуртар менен камсыз кылып, анын натыйжалуулугун жана колдонулушун көзөмөлдөө, анын ичинде окуп жаткандарды сурамжылоо жолун да колдонууда;
- өз ишмердүүлүгүнө (стратегиясына) байкоо жүргүзүп башка билим берүү мекемелери менен салыштыруу;
- коомчулукту өз ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы, алдыдагы пландары жана инновациялар менен маалымдоо.

4.1.2. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо алардын учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын камтышы керек. Баалоочу каражаттардын базасы ЖОЖ тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү аттестациялоого, бүтүрүүчү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө коюлуучу талаптар ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобону эске алуу менен аныкталат.

4.1.3. НББПны даярдоодо бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-жеке компетенцияларын түзүүдөгү окуу жайдын мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо зарыл (мисалы, социалдык өз ара аракеттешүү, өз ара уюмдашуу жана өзүн өзү башкаруу, системалык-ишмердик мүнөзүндөгү). Окуу жай социо-маданий чөйрөнү, инсандын ар тараптан өнүгүшүнө шарттарды түзүп берүүгө милдеттүү.

Окуу жай окуу процессинин социалдык-тарбиялоо компонентинин өнүгүшүнө дагы шарт түзүп бериши керек, алардын ичине студенттик өз ара башкаруу, студенттердин ар кандай коомдук иш чараларга, спорттук, чыгармачылык клубдарга, илимий иш чараларга катышуусу кирет.

4.1.4. ЖОЖдун НББПсы студенттин тандоосу боюнча дисциплиналарды камтышы керек. Студенттин тандоосу боюнча дисциплиналарды калыптандыруу тартибин ЖОЖдун Окумуштуулар кеңеши бекитет.

4.1.5. Окуу жай студенттердин окуу программасын түзүүгө өздөрүн катыштырууга реалдуу мүмкүнчүлүк түзүп берүүгө милдеттүү.

4.1.6. Окуу жай студенттерге алардын НББПны түзүүдөгү укуктары жана милдеттери менен тааныштыруусу зарыл. Аны менен бирге тандап алынган дисциплиналардын сөзсүз түрдө окууга милдеттүү экенин, жана ал сабактын көлөмү башкалардан кем болбошу керектигин түшүндүрүп бериши керек.

4.2. НББПны ишке ашыруудагы студенттердин укуктарына жана милдеттерине болгон жалпы талаптар.

4.2.1. Студенттер алар тарабынан тандалган окуу дисциплинасын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде конкреттүү дисциплинаны тандоо укугуна ээ.

4.2.2. Студент өзүнүн жеке билим алуу траекториясын калыптандырууда ЖОЖдон тандап алган дисциплинасы боюнча жана анын келечек даярдоо профилине (адистешүүсүнө) таасири тууралуу консультация алуу укугуна ээ.

4.2.3 НББПны өздөштүрүүдө СИЖМКны өнүктүрүү бөлүгүндөгү жыйынтыктарга жетишүү максатында студенттер студенттик өзүн өзү башкарууну өркүндөтүүгө, коомдук уюмдардын иштерине, спорттук жана чыгармачыл клубдарга, илимий студенттик коомдорго катышууга милдеттүү.

4.2.4. Студенттер ЖОЖдун НББПсы тарабынан каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү.

4.3. Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү аудиториялык жана аудиториядан сырткары (өз алдынча) бардык окуу иштерин кошкондо жумасына 45 саатты түзөт.

Жумасына аудиториялык сабактардын күндүзгү окуу формасындагы көлөмү ЖКББнын деңгээлин жана даярдоонун багытынын спецификасын эсепке алуу менен мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык аныкталат жана арбир окуу дисциплинасын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдөн 35тен кем эмес пайызды түзөт.

Окуу сабагы боюнча өз алдынча иштөөгө бөлүнүчүү сааттарга ошол дисциплина (модуль) боюнча экзаменге даярданууга каралган убакыт кирет.

4.4. Күндүзгү-сырттан окутуу (кечки) формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан аз болбошу керек.

4.5. Сырттан окутуу формасында студентке жылына 160 сааттан кем эмес көлөмүндө окутуучу менен сабактар камсыз болушу зарыл.

4.6. Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү 7-10 жуманы, анын ичинде кышкы аралыкта эки жумадан кем эмес убакытты түзүшү керек.

## 5. БАКАЛАВРЛАРДЫ ДАЯРДООДО НББПга КОЮЛГАН ТАЛАПТАР

5.1. Бакалаврларды даярдоонун НББПсын өздөштүрүүнүн натыйжаларына коюлуучу талаптар.

Даярдоонун **571100 «Телевидение»** багыты боюнча бүтүрүүчү НББПнын максаттарына жана ушул ЖКББнын мамлекеттик билим берүү стандартынын 3.4 жана 3.8-пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөндөгү компетенцияларга ээ болушу керек.

**А) Универсалдык:**

***- жалпы илимий (ЖИК):***

ЖИК-1**.** Курчап турган дүйнө жөнүндө илимий билимдерди сын көз менен баалай алат жана колдоно алат, жеке турмуштук, маданиятний баалуулуктарды сыйлайт, жигердүү жарандык позицияны карманат, адамдарга сый-урмат жана толеранттуулукту көрсөтөт.

***- инструменталдык (ИК):***

ИК-1. Иш тармагында жана билим алууда мамлекеттик, официалдуу жана чет элдик тилде иштиктүү пикир алмашууну жүзөгө ашыра алат;

ИК-2. Иш тармагында жана билим алууда чечимдерди кабыл алуу үчүн маалыматтык технологияларды колдонуп, жаңы маалыматтарга ээ болууга жана колдонууга жөндөмдүү;

ИК-3. Кесиптик ишмердикте ишкердик жөндөмүн, билимин колдоно алат.

***- социалдык-жеке жана жалпы маданий (СИЖМК):***

СИЖМК-1. Кесиптик ишмердикте жеке адамдар же топтор менен максаттарга жетүүнү камсыздай алат;

**Б) Кесиптик (КК):** Бакалавр программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү, бакалавр программасы багытталган кесиптик ишмердиктин түрүнө ылайык келген кесиптик компетенттүүлүккө ээ болушу керек.

***Автордук ишмердүүлүк***

КК-1. Гуманитардык жана маданий контекстте заманбап коммуникация каражаттарынын бири жана искусствонун өзгөчө түрү катары – телеберүүнүн өзгөчөлүктөрү, тарыхы жана келечеги тууралуу билимди кеңири колдонууга жөндөмдүү; медиа тексттерди жана / же медиа продуктыларды даярдоодо тележурналистиканын өзгөчөлүктөрүн (жаңылыктар, аналитикалык, иликтөөчү, көркөм публицистикалык) колдонууга жөндөмдүү;

КК-2. Телевидениенин социалдык ролун, анын коомдук аң-сезимге тийгизген таасирин, заманбап маалымат каражаттарынын иштөө принциптерин, телекөрсөтүүнүн жана башка маалымат каражаттарынын эркиндигин жана социалдык жоопкерчилигин, сөз эркиндиги институтунун учурдагы абалын жана түзүмүн аңдап-билүү;

КК-3. Актуалдуу темаларды тандоого, аны чагылдыруу көйгөйлөрүн аныктоого, маалыматты чогултуу ыкмаларын колдонууга, текшерүүгө, сын көз караш менен талдоого, баалоого жана ар кандай белги системаларын (вербалдык, фото, аудио, видеографикалык) ар кандай мультимедиялык платформаларга жайгаштырууга жөндөмдүү;

КК-4. Көп деңгээлдүү коммуникативдүү өз ара аракеттенүүгө даярдык көрүүгө, көп кырдуу – жеке жана жамааттык ишмердүүлүк катары телекөрсөтүү өндүрүшүнүн ар кандай продуктыларын даярдоого жана жайылтуу процесси тууралуу билимди колдоно билүүгө жөндөмдүү. Мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин биринде кесиптик ишкердикке тиешелүү барлашууну ишке ашыра алат;

КК-5. Журналисттик кесиптин негизги социалдык, маалыматтык, чыгармачыл мөнүздөрүн эске алып медиа материалдарды даярдайт, талдай жана баалай алат; журналисттин социалдык жоопкерчилигине жана инсандык сапаттарына таянып кесиптик функцияларды жоопкерчиликтүү аткарууга жөндөмдүү. Кесиптик ишмердүүлүгүндө сүйлөө маданияты менен техникасы, чечендик өнөр боюнча алган билимин жана көндүмдөрүн эл алдына чыгып сүйлөөдө колдонууга жөндөмдүү;

КК-6. Эфирде маалыматтык материалдарды берүүгө жана атайын алып көрсөтүү (трансляция) боюнча көндүмдөргө ээ, анын ичинде эфирдин алып баруучусу (диктору) боюнча көндүмдөрдү да камтыйт. Командада иштөө көндүмүнө, теле өндүрүшүнүн ар кандай продуктыларын даярдоо жана жайылтуу процессине катышуучулардын ортосунда макулдашылган чыгармачылык өз ара аракеттенүүнү жөнгө салуу көндүмүнө ээ;

**Редакторлук ишмердүүлүк**

КК-7. Медиа индустрияны өнүктүрүүнүн глобалдык тенденцияларын билүүгө, медиа тутумдарды калыптандыруунун негизги принциптерин, ММКнын түрлөрүн, улуттук медиа моделдеринин өзгөчөлүктөрүн жана ата мекендик ММКнын иштөө реалдуулугун билүүгө, масс-медиада медиа-тексттерди жана (же) медиа продуктыларды жана (же) коммуникативдик продуктыларды дардоодо эң маанилүү инновациялык тажрыйбаларды билүүгө жөндөмдүү ;

КК-8. Телевизиондук продукцияны даярдоодо инновациялык ыкмаларды жана санарип технологияларды колдоно билүү, журналисттин маалымат булактары менен иштөө принциптерин сактоо, аны чогултуу, текшерүү жана анализдөө ыкмаларын, электрондук маалымат базасынын мүмкүнчүлүктөрүн жана ачык маалыматтар менен иштөө методдорун колдонууга, массалык маалыматтын өзгөчөлүктөрүн, мазмунун жана структурасын билүүгө жөндөмдүү;

КК-9. Телекөрсөтүү жана башка ЖМКга жайылтууга ылайыкталган медиа тексттерди, аудио-видео же интернет материалдарды анализдөөгө, баалоого редактирлөөгө жана

транформациялоого, аларды кабыл алынган ченемдерге, стандарттарга, форматтарга, стилдерге, технологиялык талаптарга шайкеш келтирүүгө, редактордук иштин заманбап ыкмаларын колдонууга жөндөмдүү;

**Долбоорлук-аналитикалык ишмердүүлүк:**

КК-10. Телевидениенин ролун массалык коммуникациялар тутумунун бир бөлүгү катары кабылдай алат, медианы керектөөдө жана өндүрүүдө аудиториянын ролун аңдай билет, аудиторияны изилдөө ыкмаларын билет; жалпыга маалымдоо каражаттарынын иш алып баруусунда коомчулуктун катышуусун, коомдук пикирдин мүнөзү жана ролу, аны изилдөөнүн негизги методдорун билет, өз ара аракеттенүүнүн натыйжалуу формаларын колдонот;

КК-11. Кесиптик ишмердүүлүктө телевидение жана башка масс-медианын ишмердүүлүгүнүн экономикалык регуляторлорун эске алууга жөндөмдүү, редакциялык уюштуруу түзүмүнүн негизги принциптерин, ар кандай кызмат абалындагы кызматкерлердин функцияларын, анын ичинде корреспонденттик корпустун милдеттерин билүүгө жөндөмдүү,

КК-12. Жергиликтүү автордук медиа долбоорду иштеп чыгууга, медиа изилдөө жүргүзүү методикасын билүүгө, телевидеин жана башка масс-медианын концепцияны иштеп чыгууга, талдоого жана түзөтүүгө катышууга жөндөмдүү;

**Уюштуруучу-жетектөөчү ишмердүүлүк:**

КК-13. Кесиптик ишмердикте ММКнын иштешинин психологиялык жана социалдык-психологиялык компоненттерин жана журналисттин ишин эске алууга жөндөмдүү;

Массалык маалымат каражаттарынын иштешинин психологиялык жана социалдык-психологиялык компоненттерин, журналисттин ишмердүүлүктүн жана санарип технологиялардын талаптарын эске алуу менен медиа жана коммуникациялык продуктыларды даярдоо жана ишке ашыруу боюнча чакан команданын, жеке адамдардын тобунун ишин пландаштырууга жана башкарууга жөндөмдүү. Медиа-долбоорду ишке ашырууга катышууга, ишти пландаштырууга, медиа өндүрүмдү маалымат рыногуна жайылтууга, командада иштөөгө, техникалык кызматтар менен кызматташууга жөндөмдүү;

КК-14. Режиссердук иштин негизги формаларын, каражаттарын жана методдорун, анын ичинде телеберүүлөрдүн жана телефильмдердин жалпы концепциясын аныктоого жөндөмдүү, режиссердук сценарийди иштеп чыгуу жана анын негизинде ар кандай телекөрсөтүүлөрдү даярдоо, алдын ала берүү жана эфирге чыгаруу жөндөмүн өздөштүрө алат. Монтаждоо ишин жөнгө салууга, андагы музыкалык үндөрдү даярдоого катыша алат. Продюсер катары ар кандай телекөрсөтүү продуктыларын даярдоо жана жайылтуу үчүн зарыл болгон финансылык-экономикалык, административдик, жарнактык жана маданий - конъюнктуралык шарттарды камсыз кыла алат.

**Социалдык-уюштуруучулук ишмердүүлүгү:**

КК-15 Ар кандай байланыш каналдары (аудитория, социалдык тармактар, журнал, youtube ж.б.у.с.) аркылуу аудитория менен баарлашуу стратегиясын иштеп чыгууга жөндөмдүү; Журналистиканын коомдук миссиясын аткарууга, ММКнын иш-милдеттерин натыйжалуу ишке ашырууга, журналисттин эркиндигинин жана социалдык жоопкерчилигинин маанисин түшүнүүгө жана кесиптик иш-аракетинде аны сактоого жөндөмдүү;

КК-16. Коомдун ар кандай катмарларынын өкүлдөрү менен кызматташууга жөндөмдүү, авторлор жана редакциялык почта (электрондук почта жана башка байланыш каражаттары) менен иштей алат, социалдык тармактарды жана башка заманбап маалымат каражаттарын пайдалануу аркылуу аудитория менен интерактивдүү байланышты уюштура алат, коомдук резонансты жаратуучу басылмаларды даярдоого, коомдук маанилүү иш-чараларга катышууга жөндөмдүү;

**Маркетингдик ишмердүүлүк**

КК-17. Заманбап медиа менеджменттин жана маркетингдин негизги методдорун жана ыкмаларын, телеберүү процессин финансылык, долбоордук жана административдик жактан камсыздоонун негизги көндүмдөрүн колдоно билүүгө, маалымат ресурстарын керектөөчүлөрдүн муктаждыктарын талдоого, макалаларды жазууга, талдоого жөндөмдүү;

ар кандай темалар боюнча берилген тексттик жана аудио-видео материалдарды даярдоодо адамдын руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктарын, ошондой эле журналисттик этиканын принциптерин жана нормаларын эске алат.

КК-18. Дүйнөлүк маалымат мейкиндигинде уюмдун имиджин калыптандыруу үчүн социалдык тармактарда контент түзүүгө, аудиовизуалдык коммуникациянын ар кандай каналдарын колдонгон социалдык топтор, уюмдар жана адамдар менен өз ара аракеттенүү аркылуу телекөрсөтүү жана мультимедиялык продукцияларды жайылтууга жөндөмдүү;

**Өндүрүштүк-техникалык ишмердүүлүк:**

КК-19. Кесиптик көйгөйлөрдү чечүүдө заманбап техникалык базаны жана медиа чөйрөдө колдонулган акыркы санарип технологияларын, дизайндагы заманбап тенденцияларды, инфографиканы жана телевидениедеги анимацияны эске алуу менен колдоно алат, заманбап технологиялык талаптарга ылайык телекөрсөтүүлөрдүн жана мультимедиалардын өндүрүш ишине катышат;

КК-20. Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу жана коомдун маалыматтык коопсуздугунун негизги талаптарын эске алуу менен кесиптик ишмердиктеги стандарттык көйгөйлөрдү чече алат жана күтүүсүз шарттарда чечимдерди кабыл алууга жооптуу болот.

Бакалаврды даярдоо үчүн билим берүү программасын иштеп чыгууда, бардык универсалдуу компетенциялар, ошондой эле кесиптик ишмердүүлүк түрлөрүнө байланыштуу кесиптик компетенциялар окуу программасынын талабына ылайык окуу жыйынтыктарын да камтыйт. Окутуу процессинде студент өзүнүн конкреттүү профилине байланыштуу башка (атайын кесиптик) компетенцияларды тандай алат.

Профиль 5тен ашпаган кошумча кесиптик компетенттүүлүк менен, жана ЖОЖ тарабынан өз алдынча аныкталат. Профилдердин тизмеси УМО тарабынан бекитилет.

Компетенциялардын тизмеги улуттук квалификациянын алкагынын, квалификациянын жана кесиптик стандарттардын (эгер болсо) тармактык/сектордук алкактарынын негизинде аныкталат.

### 5.2. Бакалаврларды даярдоонун НББПнын түзүмүнө талаптар.

Бакалаврларды даярдоонун НББПнын түзүмү төмөнкүдөй блокторду камтыйт:

1-блок «Дисциплиналар (модулдар)»;

2-блок «Практика»;

3-блок «Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация».

1-таблица. **571100 «Телевидение»** багыты боюнча бакалаврларды даярдоодогу НББПнын түзүмү

| Бакалаврларды даярдоодогу НББПнын түзүмү | | | Бакалаврларды даярдоодогу НББПнын жана анын блокторунун кредиттердеги көлөмү |
|---|---|---|---|
| 1-блок | I. | Гуманитардык, социалдык жана экономикалык цикл | 28-36 |
| | II. | Математикалык жана табигый илимий цикл | 10-14 |
| | III. | Кесиптик цикл | 150-165 |
| | | Жалпы | 165-215 |
| 2-блок | Практика | | 15-60 |
| 3-блок | Жыйынтыктоочу аттестация | | 10-15 |
| Бакалавларды даярдоодогу ЖКББ НББПнын көлөмү | | | 240 |

ЖОЖ мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык бакалаврды даярдоодогу НББПны иштеп чыгат жана улуттук квалификациянын алкактарына ылайык

окутуунун натыйжаларына жетүүгө жоопкерчилик тартат.

Дисциплиналардын (модулдадын) топтомун жана алардын бакалаврды даярдоодогу НББПнын ар бир блогуна тиешелүү эмгек сыйымдуулугун ЖОЖ улуттук квалификациянын алкактарында каралган окутуунун натыйжаларынын жыйындысы түрүндө аны өздөштүрүүнүн талаптарын эске алуу менен ушул блок үчүн белгиленген көлөмдө өз алдынча аныктайт.

5.2.1. Бакалаврды даярдоодогу НББП төмөнкүлөрдү ишке ашырууну камсыздашы керек:

- гуманитардык, социалдык жана экономикалык циклдин милдеттүү дисциплиналары, алардын тизмеги, эмгек сыйымдуулугу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат. Аталган дисциплиналардын мазмуну жана ишке ашыруу тартиби бакалаврды даярдоонун тиешелүү багыты боюнча ЖКББ мамлекеттик билим берүү стандарты менен белгиленет.
- кеминде 360 саат көлөмүндө дене-тарбия жана спорт боюнча дисциплиналарды, алар өздөштүрүү үчүн милдеттүү болуп саналат, бирок кредиттерге которулбайт жана бакалаврды даярдоодогу НББПнын көлөмүнө киргизилбейт.

5.2.2. «Практика» 2-блогу окуу практикасын (таанышуучу, технологиялык, илимий-изилдөө, педагогикалык, илимий-изилдөө иштери) жана өндүрүш практикасын (долбоордук, эксплуатациялык, педагогикалык, илимий-изилдөө иштери) камтыйт.

ЖОЖ бир же бир нече типтеги практиканы тандоого укуктуу, ошондой эле белгиленген кредиттердин чегинде кошумча типтеги практиканы белгилей алат.

5.2.3. «Мамлекеттик аттестация» 3-блогу мамлекеттик экзаменди тапшырууга даярдыкты жана тапшырууну, бүтүрүүчү квалификациялык ишти аткарууну жана аны жактоону (эгерде ЖОЖ бүтүрүүчү квалификациялык ишти жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын курамына киргизген болсо) камтыйт.

5.2.4. Бакалаврларды даярдоо үчүн НББПнын алкагында милдеттүү жана элективдүү бөлүк айырмаланат.

Бакалаврды даярдоодогу НББПнын милдеттүү бөлүгүнө улуттук квалификациянын алкактарынын деңгээлдерин эске алуу менен жалпы илимий, универсалдуу, социалдык-инсандык жана жалпы маданий жана кесиптик компетенциялардын калыптанышын камсыз кылуучу дисциплиналар жана практикалар кирет.

Мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эске албаганда милдеттүү бөлүктүн көлөмү бакалаврды даярдоодогу НББПнын жалпы көлөмүнөн 50 пайыздан ашпоого тийиш.

Бакалаврды даярдоодогу НББПнын элективдүү бөлүгүндө студенттер тиешелүү багыт боюнча дисциплиналарды тандай алышат, ошондой эле башка багыттагы бакалаврларды даярдоодогу НББПнын дисциплиналарын тандоого жол берилет.

5.2.5. ЖОЖ ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга (алардын арызы боюнча) ден-соолугунун абалы боюнча окууга каршы көрсөмөлөр каралган НББПдан тышкары, бакалаврды даярдоодогу НББП боюнча окууга мүмкүнчүлүк берүүгө тийиш, анда алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү, жеке мүмкүнчүлүктөрү эске алынат жана зарыл болгон учурда аталган адамдардын өнүгүүсүнүн бузулушун түзөтүүнү жана социалдык көнүгүүсүн камсыз кылат.

**5.3. Бакалаврларды даярдоодо НББПга коюлган талаптар.**

**5.3.1. Окуу процессинде кадр менен камсыз кылуу**.

Бакалаврларды даярдоодо НББПнын иши сөзсүз түрдө окутуучу дисциплинанын профилине ылайык базалык билими бар, системалуу түрдө илимий жана (же) илимий-методикалык ишмердик менен алектенген педагогикалык кадрлар менен камсыз болушу талапка ылайык.

Профессионалдык циклдагы окутуучулар, эрежеге ылайык, кандидаттык, илимдин доктору окумуштуу даражасына жана (же) туура келген ишмердик чөйрөсүндө жетишерлик тажрыйбасы болушу керек.

Окумуштуулук даражага жана/ же наамга ээ болгон окутуучулардын үлүшү окутуу процессин камсыз кылган окутуучулардын жалпы санынын 40%ынан кем болбошу зарыл.

Илимий даражасы жана / же илимий наамы бар окутуучулардын жалпы санынын 10 пайызына чейин бул багытта практикалык тажрыйбасы (профили) бар жетекчилердин же жетектөөчү адистердин кызмат орундарында 10 жылдан ашык иштеген мугалимдер менен алмаштырылышы мүмкүн.

**5.3.2. Окуу процессин окуу-методикалык жана маалыматтык камсыз кылуу.**

Бакалаврларды даярдоочу ООПтун иши ар бир студентке негизги билим берүү программасынын дисциплиналарынын толук тизмеси боюнча калыптанган маалымат базасына жана китепканалык фондго кирүү мүмкүнчүлүгүн түзүү болуп эсептелет.

Китепканалык фонд акыркы 10 жылда жарык көргөн (гуманитардык, социалдык жана экономикалык циклдарындагы базалык бөлүктөгү дисциплиналар үчүн – акыркы 5 жылдыктагы), бардык циклдердеги базалык бөлүгүндөгү дисциплиналар боюнча басылып чыккан жана (же) электрондук басылмалар менен толукталууга милдеттүү. Университеттин билим берүү программасы студенттерди аралыктан окутуу үчүн видео сабактар, видео презентациялар сыяктуу билим берүүчү маалыматтык ресурстар менен камсыздалышы керек.

Билим алуучулар үчүн заманбап профессионалдык база, маалыматтык сурап билүү – издөө системалары менен камсыз болгон ата мекендик жана чет элдик ЖОЖдор, ишканалар жана уюмдар менен оперативдүү маалымат алмашууга шарт түзүлүшү керек.

*Сунушталган маалымат ресурстарынын тизмеси:*

| КМШ өлкөлөрү боюняа порталдар: | Чет элдик порталдар: |
|---|---|
| Массовая коммуникация. Журналистика. Средства массовой ...window.edu.ru/catalog/?p_rubr=2.2.73.8 | Britannica - www.britannica.com |
| Журналистика (интернет-ресурсы) — YSPU yspu.org/Журналистика_(интернет-ресурсы) | |
| Информационные ресурсы - Учебно-научный центр ГС и ПК МГУ uncmgu.ru/informational-resources/ | |
| http://www.zhurnalistika.net/ http://www.e-reading.club/ http://www.history-journal.ru/ | |
| Журналистика : электронные ресурсы - Научная библиотека ТГУ www.lib.tsu.ru/win/dokument/spravochn/zhurn.pdf | |
| Журналистика. Работа журналиста: электронные книги, журналы ... rucont.ru/catalog/163?q=вузовская%20библиотека | |

**5.3.3. Окуу процессин материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу**

Бакалаврларды даярдоодо НББПсы бар ЖОЖдо, ЖОЖ санитардык жана өрткө каршы эрежелерге жана нормаларга туура келген, ЖОЖдун окуу планында каралган, студенттердин лабораториялык, дисциплинардык жана дисциплиналар аралык даярдоо, практикалык жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн материалдык техникалык база менен жабдылышы зарыл.

Бакалаврды даярдоодогу НББПны ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү зарыл болгон материалдык-техникалык камсыздоонун төмөнкүдөй тизмеси көрсөтүлөт:

- окуу класстары, компьютердик класстар, практикалык жана чыгармачыл лабораториялык сабактар үчүн шаймандар, тиешелүү заманбап компьютерлер, санарип технологиялар жана

программалар менен камсыздалышы керек;
- студиялар, чыгармачыл, изилдөө лабораториялары келечектеги журналисттердин билим алуудагы медиа продуктуларды даярдоододо жана медиа редакторлор же башка уюмдар менен биргелешкен долбоорлорду жүзөгө ашырууда, практикалык көндүмдөргө ээ болушу үчүн зарыл техникалык база менен камсыздалууга тийиш;
- маалыматтык жана телерадио байланыш технологиялары тиешелүү заманбап технологиялык каражаттар менен, ошондой эле Интернет-трафик менен камсыздалышы керек.
- зарыл болгон учурда, мүмкүнчүлүгү чектелген студенттердин билим алышы үчүн талаптагыдай шарттар түзүлүшү керек;
- басмаканалардын графикалык дизайны жана макети, анимация, видео монтаждоо, телекөрсөтүү, радио, фотостудиялар үчүн лабораториялар, ошондой эле чоң экран менен көрүү залдары, жазуу үчүн студиялар менен камсыздалууга тийиш.

башка жайлардын болушу:

•спорттук зал;
• китепкана (электрондук китепкана), Интернет залы бар окуу залы;
• жыйын зал;
- ашкананын жана медпункттун болушу.

**5.3.4. Бүтүрүүчүлөрдүн даярдык сапатын баалоо.**

Негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо жетишүүнү текшерүү, студенттердин аттестациядан өткөрүлүшү жана бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекетттик аттестациясын өз ичине камтыйт.

Ар бир дисциплина боюнча билимди маал маалы менен жана аралык текшерүүнүн конкреттүү формалары жана процедуралары ЖОЖ тарабынан өз алдынча даярдалат жана окутуунун биринчи айында түшүндүрүлөт.

Студенттерди аттестациялоого туура келген ООПтун этаптык талаптарына персоналдык жетишүүлөрү үчүн (маал маалы менен жетишүүлөрүн текшерүү жана аралык аттестация) билимин, жөндөмүн жана компетенцияларды өздөштүрүү деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү типтик тапшырмаларды, текшерүү иштерин, текшерүү тесттерин жана ыкмаларын камтыган баалоо каражаттарынын фонду түзүлөт. Баалоо каражаттарынын фонду ЖОЖ тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Студенттердин жетишүүсүн кезектеги текшерүү жана аралык аттестация программаларын максималдуу түрдө жакындатуу үчүн алардын келечек профессионалдык ишмердигинин (практиканын бардык түрлөрү) шарттарына үйрөтүүчү ЖОЖ тарабынан шарт түзүлүшү керек. Конкреттүү дисциплиналарды окутуучулардан башка сырткы эксперттер катары жумуш берүүчүлөр активдүү тартылышы зарыл.

Белгиленген тартипте окугандарга окуу процессинин мазмунун, уюштурулушун жана сапатын ошондой эле ар бир окутуучунун иштерин жалпысынан баалоого мүмкүнчүлүк берилиши шарт. Баалоону өткөрүү үчүн методикалык материалдар белгиленген тартипте иштелип чыгат жана бекитилет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация бакалаврдык бүтүрүү квалификациялык ишин коргоону өз ичине камтыйт.

Бакалаврдык бүтүрүү квалификациялык ишинин мазмунуна, көлөмүнө жана структурасына коюлуучу талаптар мамлекеттик билим берүүнү башкаруу органдары тарабынан бекитилген, жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо тууралуу жобонун негизинде жогорку окуу жайы тарабынан аныкталат.

Мамлекеттик сынак программасы университеттер тарабынан өз алдынча иштелип чыгат. Бүтүрүүчүнүн компетенттүүлүгүн объективдүү баалоо үчүн экзамендик суроолордун жана тапшырмалардын тематикасы конкреттүү компетенцияларды камтыган комплекстүү жана ар кандай окуу циклдеринин тандалган бөлүмдөрүнө шайкеш келүүгө тийиш.

Учурдагы Мамлекеттик жогорку кесиптик билим берүүнүн **571100 "Телевидение"** стандарты базалык ЖОЖ катары - Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин гуманитардык илимдер боюнча окуу-методикалык бирикмеси тарабынан иштелип чыкты.

**Окуу-методикалык бирикмесинин төрагасы:**

**Темирбеков Б. К.** - Ж. Баласагын атындагы КУУнун биринчи проректору,
физ-м. и.д., профессору ____ ______________________________

**Дүйшекеева А. Т. – секциянын жетекчиси,**
Ж. Баласагын атындагы КУУнун журналистика факультетинин деканы,
фил. и. к., доцент ______________________________

**Окуу-методикалык бирикмесинин мүчөлөрү:**
**Асанова А. А. -** К. Карасаев атындагы БГУнун журналистика жана маалымат системалары факультетинин деканы, фил. и. к., доцент ______________________________

**Тайтекеев К. Р.** – Чүй облустук медиацентрдин директору _____________________

**Алымбаева З. А.** - Ж. Баласагын атындагы КУУнун журналистика факультетинин телерадиожурналистика кафедрасынын башчысы,
фил.и. к., доцент

______________________________

**Акматбекова Ж. А.** - Ж. Баласагын атындагы КУУнун журналистика факультетинин телерадиожурналистика кафедрасынын доценти, фил.и. к. __________________________

**Койчуманова Н. М. -** Э. Ибраев атындагы Эл аралык Кувейт университетинин журналистика жана коомчулук менен байланыш кафедрасынын башчысы,
фил. и. д., профессор ______________________________

**Шейшеналиев Э. Ш. -** Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин үн режиссурасы жана телеведение, радио режиссурасы кафедрасынын башчысы, улук окутуучу ______________________________

**Искендерова Ш. А.** - И. Арабаев атындагы КМУнун журналистика кафедрасынын башчысы, фил. и.к., доцент ______________________________

**Тилекеева Н. А.** - Ж. Баласагын атындагы КУУнун журналистика факультетинин телерадио-журналистика кафедрасынын ага окутуучусу

______________________________

**Есенкулова С. Б.** - Ж. Баласагын атындагы КУУнун журналистика факультетинин телерадио-журналистика кафедрасынын ага окутуучусу

______________________________